**Талдоо кат**

**Кыргыз Республикасындагы өспүрүмдөрдүн радикалдашууга жана зордукчул экстремизмге каршы туруктуулугун арттыруу жагынан билим берүү уюмдарынын ролун изилдөө**

Бул талдоо катта Кыргызстандагы өспүрүмдөрдүн радикалдашууга жана зордукчул экстремизмге каршы туруктуулугун арттыруу жагынан мектептер менен интернат мекемелеринин ролун изилдеген иштин жыйынтыктары келтирилди. Изилдөөнү Борбор Азиянын Евразия фонду 2019-жылы май айынан ноябрга чейин жүргүзгөн. Анын жүрүшүнө Хедайа (Hedayah)эл аралык уюму, Европа Шериктештигинен (ЕШ) Туруктуулукка жана тынчтыкка көмөктөшүү каражатынын (ТТКк) чегинде каржылануучу дүйнөлүк демилге болуп саналган STRIVE программасынын алкагында Зордукчул экстремизмге каршы күрөшүү боюнча алдыңкы тажрыйба борбору колдоо көрсөттү.

Изилдөөнүн чегинде иликтенген суроолор бешөө:

1) Өспүрүмдөрдүн (14-17 жаштардагы балдардын) радикалдашууга жана зордукчул экстремизмге каршы учурдагы туруктуулук деңгээли кандай?

2) Окуучулардын туруктуулугу менен мугалимдердин кесипкөйлүгү жана/же окутуу натыйжаларынын ортосунда кандайдыр бир байланыштуулук барбы?

3) Радикалдашуунун жана зордукчул экстремизмдин алдын алуу үчүн мектептер менен интернат мекемелери өспүрүмдөрдүн (14-17 жаштардагы балдардын) туруктуулугуна кам көрөбү? Эгер ооба десек – канчалык даражада жана кантип (иликтөөгө мектепте дагы эле окуп жаткан 18 жаштан улуу курактагы улан-кыздар тартылган эле)? Мектептер менен интернат мекемелеринин бул багыттагы ишмердиги 2017-2020-жылдардагы жаштар саясатынын алкагындагы зордукчул экстремизмдин алдын алуу (ЗЭА) максаттарына жетишүүгө канчалык даражада өбөлгө түзөт?

4) Кысталыш абалда калган өспүрүмдөргө өздөрүнүн абалын жакшыртуу үчүн көмөктөшүү үчүн мектептер менен интернат мекемелери кандай иштерди жүргүзөт?

5) Мектептер менен интернат мекемелери окуучулардын обочолонуусуна жана коомдон четтетилип калышына байланышкан маселелерди чечүү үчүн аларга кандай мүмкүнчүлүктөрдү түзөт (б.а. мектептер менен интернат мекемелери балдардын коомго кошулуп, аралашуусу үчүн канай чараларды көрөт)?

Изилдөө Кыргызстандын жети облусунда тең жүргүзүлүп, ага “Диний маданияттар тарыхы” предметин сынактан өткөрүп жаткан он пилоттук мектеп, бул предмет окутулбаган (пилоттук эмес) он эки мектеп жана эки интернат мекемеси камтылды. “Диний маданияттар тарыхы” предмети Билим берүү жана илим министрлиги (БИМ) жана Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия (ДИМК) тарабынан иштелип чыгып, алгач 2016-жылы он мектепте сынактан өткөрүлгөн. 2019-жылдын октябрында бул предмет 56 мектепте окутулуп жаткан эле. Анын негизги максаты – окуучуларга ар түрдүү диндер, дүнүйөчүл мамлекет жана дин тутуу эркиндиги жөнүндө түшүнүк берүү, ошондой эле окуучулардын анализ жүргүзүү жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү, диний жана социалдык маселелерди түшүнүү, дүнүйөчүл, көп диндүү коомдо чырдашпай жашоо үчүн жарандык аң-сезимин жана көндүмдөрүн өстүрүү.

Изилдөөдө маалыматтарды чогултуунун сапаттык да, сандык да усулдарын колдонгон айкаштырма ыкма пайдаланылды. Сурамга пилоттук жана пилоттук эмес мектептердин 660 окуучусу жана интернат мекемелеринин 72 окуучусу катышты. Окуучулар менен жүргүзүлгөн иликтөөдө Гроссман жана анын кесиптештери иштеп чыккан “Зордукчул экстремизмге туруктуулукту күчөтүү” (BRAVE) аттуу баалоо ыкмасы колдонулду (2017). Сурамга пилоттук мектептердин 26 жана пилоттук эмес мектептердин 26, ошондой эле интернат мекемелеринин беш мугалими да катышты. Мугалимдер үчүн суроолор тизмеги алардын квалификациясын, окутуу стилин жана педагогикалык ынанымдарын текшерүүгө багытталган эле.

*Негизги маалымат берүүчүлөр* менен жыйырма беш *маек* (НММ) зордукчул экстремизмди болтурбоо ишине тартылган БИМ жана анын райондордогу жергиликтүү бөлүмчөлөрү, дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия жана мектептер сыяктуу негизги катышуучулар менен биргеликте өткөрүлдү. Балдар, коомдук ишмерлер, ата-энелер жана мугалимдер менен 35 фокус-топтук талкуулар (ФТТ) өткөрүлдү. Изилдөөнүн жүрүшүндө мектептердеги

зордукчул экстремизмди болтурбоо боюнча иш-чаралар үчүн иштелип чыккан 305 беттик материал чогултулуп, талдоого алынды.

BRAVE маалыматтарын талдоо үчүн Бриссон ж.б. иштеп чыгышкан колдонмо пайдаланылды (2017). BRAVE бааларын түшүндүрө турган факторлорду аныктоо үчүн сызыктуу регрессия жүргүзүлдү. Тематикалык усул (Ритчи жана Льюис, 2003) НММ маалыматтарын талдоо үчүн колдонулду.

## НАТЫЙЖАЛАР

***Өспүрүмдөрдүн радикалдашууга жана зордукчул экстремизмге туруктуулугунун учурдагы деңгээли, ошондой эле BRAVE көрсөткүчтөрүнө таасир этүүчү факторлор***

Талдоодо BRAVE упайларынын төмөнкүдөй айырмачылыктарын аныкталды: интернат мекемелериндеги окуучулардын 71,32си (максималдуу мүмкүн болгон 100дөн), пилоттук мектептердеги окуучулардын 70,72си жана пилоттук эмес мектептердеги окуучулардын 70,12си үчүн. Үч окуу жайдын бааларынын ортосунда статистикалык мааниге ээ болгудай айырмачылык байкалбады. Бир гана олуттуу айырмачылык зомбулукка байланышкан ынанымдар менен жүрүм-турум (BRAVE доменчеси) боюнча упайлардан билинди. Пилоттук мектептердин жана интернат мекемелеринин окуучулары пилоттук эмес мектептердин окуучуларына салыштырмалуу кыйла жогору упай топтошту. Пилоттук мектептердеги көрсөткүч БИМ радикалдашуу менен зордукчул экстремизмдин алдын алуу үчүн киргизген “Диний маданияттар тарыхы” предметинин киргизилгендиги менен түшүндүрүлөт окшойт. Интернат мекемелериндеги жагдай буларга өкмөт кыйла катуу көзөмөл жана мониторинг жүргүзүп тургандыгы, балдар менен мугалимдер да зомбулуктун каалагандай түрлөрүнө каршы иш жүргүзүп келгендиги менен түшүндүрүлөт.

Изилдөөдөгү өтө даана байкалган натыйжа, үч типтеги тең окуу жайлардагы окуучулар айткандай, балага ылайыкталган окутуу жана, интернат мекемелериндегиден башка мугалимдер айткандай, балага ылайыкталган окутуу боюнча ынанымдар BRAVE натыйжаларын шарттаган орчундуу факторлордон болуптур. Балага ылайыкталган окутуу окутууда көңүлдү балага топтоо жана анын өз алдынча иштешине жана билимин кадыр-барктуу мугалимден даяр бойдон эле албастан, өзү түзүмдөштүрүү жөндөмүнө маани берүү, ошондой эле баланын укуктарын түшүнүү, айрыкча анын айткандарын уга билүү, чечим кабыл алууга катышуусун колдоо (БУУ Баланын укуктары боюнча конвенциясы, 1989) катары концепциялаштырылды.

Социалдык-экономикалык абалдын начардыгы радикалдашууга себеп болушу мүмкүн деген жалпыга белгилүү божомолго карабастан, биздин талдоодо окуучулардын социалдык-экономикалык абалы BRAVE көрсөткүчтөрүнө орчундуу таасир эткен жок.

Баардык мектептердеги балдардын жаш курагы BRAVE упайларына терс таасир эткендиги кызык. Башкача айтканда, чоңураак балдардын туруктуулук көрсөткүчтөрү төмөн болуп чыкты. Бирок бул статистикалык мааниге ээ көрсөткүч пилоттук эмес мектептерге мүнөздүү болуп чыкты. Маектердин жүрүшүндө балдар, айрыкча эркек балдар, BRAVE көрсөткүчү түшө баштаган милдеттүү 9-класстан кийин билим алуусун токтотуп, мунун айынан радикалдашууга жана зордукчул экстремизмге каршы туруктуулугу начар болуп калары айкындалды. Мугалимдердин квалификациясы жана окуучулардын академиялык жетишүүсү пилоттук мектептердеги гана окуучулардын BRAVE көрсөткүчтөрүнө таасир эткен орчундуу факторлор болуп чыкты.

Балдар менен ата-энелер ФТТдагы пикирлерге таянып, кээ бир мугалимдердин жакшы окутууга умтуларын жогору бааласа да, алар билим сапатына терс таасир этет деп мектептин ички түзүмү талаптагыдай эместигинен тартып мугалимдерди эмгек акысынын аздыгына чейинки кемчиликтерди да айтышты.

Талкууларда мээрим, камкордук, тарбия, көзөмөл, көз салуу ж.б. зарылдыгы айтылса да, БУУ БУКта (1989) баяндалган баланын укуктары эскерилбеди. Тактап айтканда, балдардын чечим кабыл алууга катышуу укугу эске алынбады, чоңдор балдардын көз карашына анча кызыкпастыгын көрсөтүштү. Азыркы кезде ата-энелери балдарын талаптагыдай тарбиялай албай турган туугандарыныкына таштап, жумуш издеп алыска кеткендигине байланыштуу айрым балдар кароосуз калганын көп сөз кылышы.

Сапаттык көрсөткүчтөргө карасак, мектептерде дагы эле мугалимге ылайыкталган окутуу стили басымдуулук кыларын көрөбүз. Мугалим билимдерди айтып берүүсү бирден бир кадыр-барктуу жак катары каралып, анын башка көндүмдөрүнө маани берилбей келет. Ырас, соңку бир нече жыл аралыгында сынчыл ой жүгүртүүгө, маселе чечүүгө жана өз алдынча окууга негизделген, балага ылайыкталган окутуу киргизиле баштады.

***Мектептер менен интернат мекемелеринин өспүрүмдөрдүн радикалдашууга жана зордукчул экстремизмге каршы жогорулатуудагы ролу жана 2017-2020-жылдардагы жаштар саясатын жүзөгө ашырууга кошкон салымы***

Изилдөө көрсөткөндөй, 2017-2020-жылдардагы Жаштар саясатына ылайык, зордукчул экстремизмдин алдын алуу иши коомдоштуктар деңгээлине чейин жайылтылат. Мектептер бул саясатты жүзөгө ашырууга негизинен *класстык сааттар* жана коноктордун лекциялары, коомдук иш-чаралар сыяктуу башка иштер аркылуу колунан келишинче салым кошуп жатышканын көрсөтүштү. Бул иш-чаралар үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, коомдоштук менен үй-бүлө деңгээлинде радикалдашуунун жана зордукчул экстремизмдин алдын алуу, тынчтыкка өбөлгө түзүү темаларын камтыйт. *Класстык саат* мектеп программасында академиялык эмес темаларды (мисалы, инсандык жетилүү, социалдык ченемдер, жолдо жүрүү коопсуздугу, кылмыштуулук, зомбулук) окуп-үйрөнүү жана сынчыл ой жүгүртүү, чыр-чатактарды жөнгө салуу, эмоцияларды тескөө сыяктуу көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн колдонулуучу урунттуу предметтерден болуп саналат.

Бирок, изилдөөлөр көрсөткөндөй, мугалимдер жалпы мамлекеттик саясатты билишпейт да, *класстык сааттарды* райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн (РББ) көрсөтмөлөрү боюнча эле өткөрүшөт. Алар саясат жөнүндө да билишсе, бул маселе боюнча милдеттерин жакшыраак түшүнүшмөк. Мындан тышкары, мугалимдер теманы жетиштүү деңгээлде түшүнбөйбүз, ошондуктан радикалдашуунун жана зордукчул экстремизмдин алдын алуу боюнча окуп, билим алууга муктажбыз дешти. Алар сабактарды жакшыртуу үчүн көргөзмө куралдар, колдонмолор, китепчелер, кошумча убакыт, ошондой эле каржылык колдоо керек деп эсептешет. Мугалимдер диний аалымдар жана коомдоштуктагы молдолор менен тыгыз иштешүү да динге жана диний радикализмге тиешелүү маселелерди чечүүгө өбөлгө түзөт деп белгилешти. Муну жергиликтүү молдолор да айтып, динге байланышкан ишмердикке тартылып турушубуз керек дешти.

***Кысталыш кырдаалдардагы балдарга мектептер менен интернат мекемелеринин колдоо көрсөтүүсү жана социалдык интеграцияга көмөктөшүү боюнча иш-чаралар***

Колдо бар ресурстар менен мүмкүнчүлүктөрдү эске алганда, мектептер кысталыш жагдайдагы балдарга көмөктөшүү үчүн колунан келгендин баарын жасап жатышат. Айрыкча социалдык педагогдор колу жука үй-бүлөлөрдөгү же ата-энелери эмгек миграциясында жүргөн балдарга жардам берүү боюнча чоң иштерди жүргүзүп жатышканын көрсөтүштү. Бирок кызматкерлердин, айрыкча психолог сыяктуу адистердин жетишсиздигинен улам мектептер оор жагдайдагы балдарга талаптагыдай жардам бере албай жатат. Класстан тышкаркы иштер демейде жыл сайын бир нече жолу мамлекеттик майрамдарда спорттук мелдештер жана коомдук иш-чаралар түрүндө

өткөрүлөт. Мындан тышкары көпчүлүк мектептерде, айрыкча айылдарда балдар үчүн класстан тышкаркы иштерди убагында өткөрүп туруу үчүн зарыл инфратүзүм жана ресурстар жок. Азыркы кезде өткөрүлүп турган иш-чараларга окуусу начар, тартынчаак балдар катыша албайт окшойт, анткени мугалимдер көбүнчө жакшы окуган жана жигердүү окуучуларды тартышат.

***Сунуштар***

**<u>Улуттук жана райондук деңгээлдердеги тийиштүү мамлекеттик мекемелер (БИМ жана РББ) үчүн</u>**

- Негизги кызыкдар жактар (улуттук жана жергиликтүү деңгээлдердеги мамлекеттик билим берүү мекемелери, мунун ичинен мектеп жетекчилери, мугалимдер, ошондой эле жеке менчик билим берүү мекемелери да), ошондой эле кеңири коомчулук (ата-энелер, коомдоштуктардын, коомдук уюмдардын лидерлери) балага ылайыкталган жана баланын укуктарына негизделген окутуунун маанилүүлүгүн, радикалдашууга жана зордукчул экстремизмге каршы балдардын туруктуулугун бекемдөө зарылдыгын жакшыраак түшүнүшү, кененирээк билиши керек.

- Балдардын жекече жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн керектөөлөрүнө, укуктарына жана добушуна көңүл буруп, балага ылайыкталган окутуу жагынан мектептердин жана мугалимдердин дареметин арттыруу керек.

- Мектептердеги каржылоонун жоктугу сыяктуу кыйынчылыктардын көпчүлүгү Кыргызстан эгемендикке жеткен мезгилден бери эле сакталып келет; ошондуктан кырдаалды жакшыртуу үчүн мектептердеги каржылоону кошо камтыган ачык-айкындыкты, отчёттуулукту камсыздоого коомдоштуктарды кыйла кеңири тартуу сыяктуу жаңы ыкмаларды колдонуу керек.

- “Диний маданияттар тарыхы” предметин жайылтуу керек, анткени, изилдөө көрсөткөндөй, бул предмет окуучулардын зомбулукка байланышкан ынанымдарына жана жүрүм-турумуна таасир этет экен.

**<u>Коомдоштуктар деңгээлиндеги тийиштүү катышуучулар (мектеп жетекчилери, коомдук уюмдар, ата-энелер/камкорчулар) үчүн</u>**

- Ата-энелер жана камкорчулар менен, айрыкча миграцияга кеткендердин балдарын карап калгандар менен ишти күчөтүү керек. Бул ишке ата-энелер менен камкорчулардын балдар менен мамиле түзө билиши, балдардын радикалдашууга жана зордукчул экстремизмге каршы

туруктуулугун жакшыраак билиши үчүн алардын баарлашуу көндүмдөрүн жакшыртуу жана аларга психологиялык колдоо көрсөтүү да камтылат.

- Турмуштук көндүмдөргө үйрөтүү, социалдык-эмоционалдык интеллектин өстүрүү, келечектеги кесиптери жана социалдык ченемдер жөнүндө аңгемелешүүлөр, ошондой эле баардык балдарга (жакшы окугандарга эле эмес) бирдей окуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо аркылуу балдардын социалдык интеграциялашуусуна көмөктөшү үчүн класстан тышкаркы сабактарды көбөйтүү керек.

- Туруктуулукту бекемдөө боюнча иш-чараларды тогузунчу класска чейин баштоо керек, анткени тогузунчу класстан кийин мектептен чыгып кеткендер көп болууда.